# Ким күнөөлүү?



Автор: Венера Турдумамбетова

Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

# Ким күнөөлүү?

Автор: Венера Турдумамбетова
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ким күнөөлүү? (кыргыз тилинде), автор Венера Турдумамбетова, сүрөтчү Мунара Абдукахарова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Дем алыш күнү. Нуртай короо жакта ойноп жатып, түтүндүн жытын сезди. Элеңдеп эки жагын карап, кошунанын сарайынан өрт чыкканын көрдү. Корккондан кыйкырып чуркап жөнөдү.

– Акбермет, Акбермет! Чөбүңөр өрттөнүп жатат!

– Эмне дейт! – чоң эне чочуп кыйкырып жиберди.

Заматта кошуналар, айыл эли чогулуп, өрттү өчүрүүгө кирипти. Өрт бир топ күчөп калган эле. Аңгыча өрт өчүрүүчүлөр да келип калышты.

Эгерде өрт өчүрүүчүлөр менен эл жардамга келбегенде, өрт үйгө жармашмак.



Чөпкө ким от койгону табышмак болду.

– Чөптү ким өрттөдү?

Алгач чоң эне кошунасы Сапардан шек санады. Ал темир ширетип жаткан. Балким, анын учкуну чачырагандыр? Акберметтин атасы болсо өрткө Нуртайды күнөөлүү сезип, көз кырын салып, шектенип турду.





Балким, экинчи класстын окуучулары Асан менен Үсөн болуп жүрбөсүн? Анткени өткөндө көчөттөрдү да жулушпады беле, – деген ой Акберметтин апасынын тынчын алды.

Шек саноо күчөдү. Нуртай баары андан көрүп жатканын байкап калды. Өзүнүн күнөөсүз экенин далилдеш үчүн тымызын иликтөө жүргүзө баштады.



Алгач Нуртай иликтөөнү Сапар байкеден баштамай болду. Үйүлгөн чөп менен ширеткич турган жердин аралыгы бир топ алыс экен. Демек, бул жерге чейин учкундун келүүсү мүмкүн эмес деп ойлоду.

Асан, Үсөн күнөөлүүбү?.. Экөө тоонун этегинде музоо кайтарып жүрбөдү беле.



Иликтөө жүрүп жатты. Чоң эненин эртеден бери жүн ийирип чарчап, уктай калганы маалым болду. Акберметтин атасы бул маалда сыналгыдан көк бөрү оюнун көрүп жаткан экен. Апасы түш ченде самоор коюп, чай берген соң кошунаныкына кеткен.





Нуртай очокканага көз салды. Ар кайсы жерде чачылган чамындыларга, ширеңкенин чагылган талдарына көзү түштү.

– Мен таптым! – деп сүйүнүп кетти.

Балдар, чөпкө ким өрт койду деп ойлойсуңар?

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Венера Турдумамбетова
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли